4. Зима А.Г., Каракеев С.К., Керимбаев С.К., Орозалиев К.К., Табышалиев С.Т., Шерстобитов В.П. Кыргыз ССРинин тарыхы. –Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 776б.
5. Измайлов А.Э. Кыргызстандын советтик мектептеринин тарыхы (1917-1957). –Фрунзе, 1961. 418б.

**II. Интернет иш-кагаздары**

6. Молотов В.М. атындагы Ростов мамлекеттик университетин иштери жөнүндө. Эмгекчилердин депутаттарынын Ош облустук кеңешинин аткаруу комитетинин жана Кыргызстандын большевиктеринин коммунистик партиясынын Ош областык комитетинин №346/1 токтому (Жашыруун. 7.02.1944) негизинде Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумуна кайрылуу. Коомдук-саясый партиянын Түштүк региондор аралык мамлекеттик архивинин материалдары. https://ehoosha.com/?module=articles&action=view&id=1023 Кайрылуу датасы: 07.11.2016
7. Ростов мамлекеттик университети Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында илимий базаны кантип сактап калган. - Ростов-на-Дону: ЮФУ, 2023. https://vk.com/@sfedu_official
8. Сафонова М. Адамга ыйман менен жашаган өмүр. / РФ Ош шаарындагы башкы консулдугунун маалымат кабарчысы. https://dipkurier.narod.ru/dip45/valiev.htm.
9. Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” Унгужолу жөнүндө. КР ПЖ №369. 18.12.2024 ж. - 22 б. https://online.toktom.kg
10. Харламова-Унгефухт Н.К., Моисеева С.М. Сабатсыздыкты жок кылуудан - билим берүү чокуларына чейин. ОГПИнин калыптанышынын тарыхый экскурсиясы. “Кут билим” коомдук гезити. 13.03.2015. https://kutbilim.kg/ru/news/inner/ot-likbeza-k-vershinam-obrazovaniya-ru Кайрылуу датасы: 25.03.2019. Архивдештирилген: 25.03.2019

**УДК: 37:9** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.445**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ АМАЛДАРЫН ОКУТУУДА ЭЛЕКТРОНДУК ПЛАТФОРМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕТОДИКАСЫ

Ташматова Вилюра Абдиллакимовна ОшМПУнун окутуучусу
ORCID: 0009-0001-2239-6902
**vilura.info@gmail.com**
Кулназарова Арина Кулназаровна Пм(з)-1-23
Кылычбек кызы Айзат- Пм-1-24

# МЕТОДИКА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЭЛЕКТРОННЫХ ПЛАТФОРМ ПРИ ОБУЧЕНИИ ОПЕРАЦИЯМ УМНОЖЕНИЯ И ДЕЛЕНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Ташматова Вилюра Абдиллакимовна – преподаватель ОшГПУ
ORCID: 0009-0001-2239-6902
vilura.info@gmail.com
Кулназарова Арина Кулназаровна Пм(з)-1-23
Кылычбек кызы Айзат Пм-1-24

# METHODOLOGY OF USING ELECTRONIC PLATFORMS IN TEACHING MULTIPLICATION AND DIVISION IN PRIMARY SCHOOL

Tashmatova Vilyura Abdillakimovna - Teacher of OshSPU
ORCID: 0009-0001-2239-6902
vilura.info@gmail.com
Kulnazarova Arina Kulnazarovna Pm(z)-1-23
Kylychbek kizi Aizat Pm-1-24

**Аннотация**

Азыркы учурда билим берүү системасында санариптик технологиялардын ролу күндөн күнгө өсүп жатат. Айрыкча башталгыч класстарда математиканы окутууда электрондук платформалар окутуунун сапатын арттыруунун, окуучулардын кызыгуусун жогорулатуунун жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп калды. Бул багыттагы методикалык изилдөөлөр мугалимдер үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, окутуунун натыйжалуулугун камсыздоодо маанилүү орунду ээлейт.

Бул макалада негизинен башталгыч класста көбөйтүү жана бөлүү амалдарын окутууда электрондук платформаларды колдонуу ыкмалары каралган. Башталгыч класстын окуучуларын окутууда өтө кылдаттык менен мамиле жасалат. Алардын жаш өзгөчөлүгү, теманы түшүндүрүүдө канчалык деңгээлде кандай кабыл алышы, ошондой эле андан ары өздөрүштүрүп кете алышы ж.б. эске алынышы керек. Көбөйтүү жана бөлүү амалдарын түшүндүрүү боюнча И. Б. Бекбоев "Математиканы окутуу 1-4-класс" аталыштагы методикалык колдонмосунда көрсөтмө берилген, ошондой эле башталгыч класстардын мугалимдери үчүн USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору даярдаган методикалык китепте дагы абдан жакшы көрсөтмө берилген. Ал эми электрондук платформаларды жаңы теманы түшүндүрүүдө, бышыктоодо, практикалык иштерде, кайталоодо, окуучунун билимин баалоодо колдонууга болот. Мугалим сабактын мазмунуна жана максатына жараша ылайыктуу учурду өз алдынча аныктайт.

**Негизги сөздөр**: санарип, математика, платформа, көбөйтүү, бөлүү, электрондук.

**Аннотация:**

В настоящее время роль цифровых технологий в системе образования растёт с каждым днём. Особенно в преподавании математики в начальных классах электронные платформы стали одним из основных средств повышения качества обучения, повышения интереса учащихся и развития практических навыков. Методические исследования в этой области открывают новые возможности для учителей и играют важную роль в обеспечении эффективности обучения.

В данной статье рассматриваются, в основном, методы использования электронных платформ при обучении умножению и делению в начальных классах. К обучению учащихся начальной школы подход очень строгий. Необходимо учитывать возрастные особенности, уровень восприятия темы в процессе объяснения, а также способность к дальнейшему усвоению и т. д. Инструкции по объяснению действий умножения и деления даны в методическом пособии И. Б. Бекбоева «Обучение математике в 1–4 классах», а также в методическом пособии, подготовленном проектом USAID «Окуу керемет!» для учителей начальной школы. Электронные платформы могут быть использованы для объяснения новых тем, их закрепления, проведения практических работ, повторения и оценки знаний учащихся. Учитель самостоятельно определяет подходящее время в зависимости от содержания и целей урока.

**Ключевые слова:** цифровой, математика, платформа, умножение, деление, электронный.

**Abstract:**

Currently, the role of digital technologies in the education system is growing day by day. Especially in teaching mathematics in primary grades, electronic platforms have become one of the main means of improving the quality of teaching, increasing students' interest and developing practical skills. Methodological research in this area opens up new opportunities for teachers and plays an important role in ensuring the effectiveness of teaching.

This article mainly discusses methods for using electronic platforms in teaching multiplication and division in primary grades. The teaching of primary school students is approached very carefully. Their age characteristics, the level of their perception of the topic during explanation, as well as their ability to further assimilate it, etc. should be taken into account. Instructions on explaining multiplication and division operations are given in the methodological manual by I. B. Bekboev entitled "Teaching Mathematics 1-4 Grades", as well as in the methodological book prepared by the USAID "Okuu keremet!" project for primary school teachers. Electronic platforms

can be used to explain new topics, consolidate them, conduct practical work, review, and assess student knowledge. The teacher independently determines the appropriate time, depending on the content and objectives of the lesson.

**Key words:** digital, mathematics, platform, multiplication, division, electronic.

## Киришүү

Башталгыч мектеп окуучулары математика илиминин баштапкы түшүнүктөрүн өздөштүрүүдө көбүнчө көрнөк-жарнак, оюн жана тажрыйбалык иш-аракеттер аркылуу үйрөнүшөт. Ал эми электрондук платформаларды колдонуу бул процессти дагы да кызыктуу жана жеткиликтүү кылат.

Электронду платформаларды колдонуп сабак өтүүдө:

- Окуучунун өз алдынча иштөөсүнө шарт түзөт
- Билим берүү процессин интерактивдүү формада уюштурат
- Ар бир теманы визуалдуу, аудио жана практикалык материалдар менен бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Электрондук платформаларды колдонууда мугалим багыт берүүчү жана уюштуруучу ролду аткарат. Сабактын максатына жараша туура платформа тандоо, окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу жана мазмунду системалуу уюштуруу мугалимдин негизги милдети болуп саналат.

Көбөйтүү жана бөлүү амалдары 2-класстын окуу материалдарында негизги тема болуп эсептелет.

И. Б. Бекбоев “Математиканы окутуу 1–4-класстар” аттуу методикалык окуу китебинде көбөйтүү амалын окутууда маселелерди колдонуу маанилүү экендигин белгилейт. Автордун сунушуна ылайык, окуучуларга төмөнкүдөй мисал берилет: “3 жөөккө 5тен помидор көчөтү отургузулган. Бардыгы болуп канча көчөт отургузулган?”

Мындай тапшырмаларды чечүү үчүн окуучулар тик бурчтуу таблица түзүүнү жана ал таблицадагы (тегерекчелердин) жалпы санын аныктоону үйрөнүшөт.

00000

00000

00000

Мында көчөттөрдүн санын билүү үчүн, ушул тик бурчтуу таблицадагы тегерекчелердин санын аныктоо керек.

5+5+5=15, 5 ар бир саптагы тегерекчелердин саны. Ал эми 3 кошулуучуну алгандыгыбыздын себеби, ошончо сап пайда болгон. Демек биринчи көбөйтүүчү тегерекчелердин саны, экинчи көбөйтүүчү саптардын санын билдирет.

5тен үч жолу – бул 15 десе болот.

15 саны 5 жана 3түн көбөйтүндүсү деп аталат, 5*3=15 деп окуучуларды талкуулоого кеңири катыштыруу зарыл экендигин белгилеген автор [1, 70-б].

Башталгыч класстын мугалимдери үчүн USAID “Окуу керемет!” долбоору даярдаган методикалык китепте, көбөйтүү жана бөлүү – бул бирдей көлөмдөгү обьектилердин тобу катышкан арифметикалык амалдар экендигин, ошондой эле

биринчи көбөйтүүчү бул бир топко кирген элементтердин санын, ал эми экинчи көбөйтүүчү топтун санын билдирсе, анда көбөйтүндү топтордун жалпы санын билдирет. Демек, көбөйтүү амалын бирдей көлөмдөгү топторду бириктирип эсептөө катары элестетүүгө болот деп белгилеген [2, 116-бет].




Мындай ыкма окуучуларга топтоо жана саноо түшүнүктөрүн практикалык мисалдар аркылуу өздөштүрүүгө, ошондой эле бөлүүнүн маңызын түшүнүүгө негиз түзөт. Анткени бөлүү амалы да ошол эле бирдей көлөмдөгү топтордун негизинде, тескерисинче бүтүндү белгилүү сандагы бөлүктөргө ажыратуу катары түшүндүрүлөт.




Окуучулар, көбөйтүү жана бөлүүнүн маанилерин автоматтык түрдө табууну өздөштүргөнгө, башкача айтканда сандык туюнтмалардын маанилерин эркин колдоно билүү көндүмүнө ээ кылууда электрондук платформаларды колдонуу да жакшы жардам берет. Мисалы: TOY THEATER платформасындагы сыйкырдуу жетишпеген сандар оюнун карай турган болсок. Төмөндөгү сандардын арасынан белгисиз көбөйтүүчүнү табышат (1-сүрөт). https://toytheater.com/missing-multiplier/



1-сүрөт

https://toytheater.com/math-mine-multiply-divide/




2-сүрөт

Бул жерде асыл таштар жашырылган. Асыл таштарга жетүү үчүн, көбөйтүү жана бөлүү амалдарын аткаруу аркылуу блокторду тазалоо керек (2-сүрөт) [5].

https://toytheater.com/math-test/




3-сүрөт

Бул тиркемени практикалык иш же болбосо кайталоо учурларында окуучулардын билимин баалоо үчүн колдонууга болот. Башында кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүү амалдарынын ичинен өзүбүзгө керектүүсүн тандайбыз. Андан кийин экранда 16 мисалдын топтому көрүнөт, ар бирин иштеп туура жоопту тандап аягында бүттү дегенди белгилесек жыйынтыгы көрүнөт. Бул тиркемени колдонуу менен мугалим убакытты үнөмдөйт ошондой эле ар бир баланын билимин реалдуу түрдө жеке текшере алат (3-сүрөт).

Chikipooki электрондук платформада балдар үчүн атайын даярдалган тапшырмалар бар. Аны мугалим сайттын өзүндө иштетсе болот же болбосо печатка чыгарып алса да болот,

таркатма кагаз катары. Ошондой эле wordко өткөрүп өзүнө ыңгайлаштырып оңдоп алса да болот.

Бул “Көбөйтүү таблицасын чаташтыруу” тиркемесинин ссылкасы https://chikipooki.com/ru/math-exercises/multiplication-table-mix-up.html

Бул көнүгүү балдарга менталдык арифметиканы практикалоого жана көбөйтүү таблицасы боюнча билимдерин бекемдөөгө жардам берет.

Катардагы жана мамычалардагы сандардын жардамы менен тиешелүү сандарды жазуу аркылуу таблицаны толтуруу керек. Бул көбөйтүүнү билүү гана эмес ошондой эле концентрацияны талап кылат. Баскычты баскан сайын жаңы, уникалдуу таблица түзүлөт. Көнүгүү эч качан кайталанбайт (4-сүрөт) [6].




4-сүрөт

Бөлүү – сандарды бирдей бөлүктөргө бөлүп чыгуу жана санап чыгуу. Бул тиркемеде бөлүү амалына карата даярдалган көнүгүүлөр бар. Башында ссылка менен кирип параметрлерди тандайбыз. Андан кийин печатка чыгарып балдарга таратып берсек болот [6]. https://chikipooki.com/ru/math-exercises/division.html







**Жыйынтыктоо**

Башталгыч класстарда математиканы окутууда электрондук платформаларды пайдалануу окуу процессин модернизациялоонун маанилүү багыты болуп эсептелет. Ал окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн күчөтүп, чыгармачылык потенциалын өнүктүрөт жана билим сапатын жогорулатат. Демек, мугалимдер электрондук ресурстарды туура жана максатка ылайык колдоно билүүсү аркылуу заманбап билим берүү талаптарына жооп берген натыйжалуу окутууну камыз кыла алышат. Электрондук платформаларды колдонуу билим берүүдө чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат, бирок аны менен катар терс таасирлери

жана кыйынчылыктары да кездешет. Узак убакыт экран алдында олтуруу көздүн чарчашына, баш ооруга, дененин туура эмес абалына алып келиши мүмкүн, ошондой эле электрондук каражатка ашыкча таянуу бул өз алдынча ойлонуу жана чыгармачылык ишмердүүлүктү чектейт. Кааналарда техниканын жетишсиздиги (компьютер, панель, интернет ж.б) кыйынчылыктарды жаратат.

**Адабияттар.**

1. Бекбоев И. Б. Математиканы окутуу 1-4-класс [Текст] / Бекбоев И. Б , Аттокурова Ч. А. – Бишкек, 2016 – 188 б
2. Аликова А. М. Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору [Текст] /
Аликова А. М., Керимканова Ү. А., Суржик Л. С., Храмцова А. Н., Ситабхан Я. (Математика боюнча 1-5-модулдар) – Бишкек, 2021 – 330 б.
3. Бантова М. А. Методика преподования математики в начальных классах [Текст] / Бантова М. А, Бельтюкова Г. В, Полевщикова А. М. –Москва, 1976. – 333 с
4. Моро М. И. Математиканы 2-класста окутуу (которгон Чоюбек Кушчубеков) [Текст] / Бантова М. А – Фрунзе, 1986. – 172б
5. https://toytheater.com/category/math-games/
6. https://chikipooki.com/ru
7. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/334/227

**УДК: 372.881:37.013**

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА КӨРКӨМ ТЕКСТТИ ТОПТУК ЖАНА ЖЕКЕЧЕ ТАЛДОО ФОРМАЛАРЫ

**Тенишова Клара Жарашбековна**
**ОшМПУ, окутуучу**
**ORCID: 0009-0001-6367-0656**

## ФОРМЫ ГРУППОВОГО И ИНДИВИДУАЛЬНОГО АНАЛИЗА ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА НА УРОКАХ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Тенишова Клара Жарашбековна,**
**преподаватель, Ош ГПУ**
**ORCID: 0009-0001-6367-0656**

## FORMS OF GROUP AND INDIVIDUAL ANALYSIS OF LITERARY TEXTS IN LITERARY READING LESSONS IN PRIMARY SCHOOL

**Tenishova Klara Zarashbekovna,**
**Lecturer, Osh State Pedagogical University**
**ORCID: 0009-0001-6367-0656**

**Аннотация**

Бул макалада башталгыч класстардын адабий окуу сабагында көркөм текстти топтук жана жекече талдоо ыкмаларынын мааниси жана аларды колдонуу процесси талданат. Окуучулардын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө, ошондой эле чыгармачылык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн жандандырууга таасири изилденет. Топтук талдоо ыкмасы билим алууда окуучуларды өз ара байланышуу, пикир алмашуу жана жекече көз караштарын билдирүүгө шыктандырат. Ал эми жекече талдоо ыкмасы жеке өз ойлорун жана бааларын билдирип, балдардын өз алдынча иштөө жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө көмөктөшөт. Макалада көркөм текстти талдоонун адабий, этикалык жана философиялык мааниси да каралып, окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыздоо үчүн топтук жана